| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**АК-СУУ РАЙОНУ**<br><br>**ЖЫРГАЛАҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЖЫРГАЛАНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

20.10.2022 № 22 Жыргалан айылы

**Жыргалаң айыл аймагынын айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын кезексиз XXII- сессиясы**

# ТОКТОМ

**Жыргалаң айыл аймагындагы жеке менчик жана дыйкан (фермер) чарбаларында малды багуу боюнча эрежелери жөнүндө**

Жыргалаң айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн мал чарба жана ветеринария боюнча жетектөөчү адис Ш.К. Курмановдун маалыматын угуп жана жергиликтүү калктын талаптарын аткаруу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 20-октябрындагы № 123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, 2014-жылдын 30-декабрындагы № 17 “Ветеринария жөнүндө”, 2013-жылдын 6-июнундагы № 91 “Жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган азыктарды идентификациялоо жөнүндө” мыйзамдарынын негизинде, ошондой эле 2021-жылдын 28-октябрындагы № 128 “Укук бузуулар жөнүндө” Кодексин аткаруу жана Жыргалаң айыл аймагындагы жеке менчик жана дыйкан (фермер) чарбаларында малды багуу жагын иретке келтирүү максатында Жыргалаң айыл аймагынын айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын кезексиз XXII- сессиясы токтом кылат:

1. Жыргалаң айыл аймагындагы жеке менчик жана дыйкан (фермер) чарбаларында малды багуу боюнча эрежелери №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. “Жыргалаң Ынтымагы” борбордук жамаатына (Курманов Ш.К.):

- жергиликтүү жамаат башчылары менен бирдикте калк арасында жеке менчик жана дыйкан (фермер) чарбаларында малды багуу боюнча бекитилген эрежелерин сактоо боюнча түшүндүрүү иштерди алып баруу;
- аталган эрежелерди көрүнүктүү жерлерге (аялдама, соода түйүндөр, ж.б.) илип койюу;
- бул токтомдун аткарылышы боюнча жергиликтүү жамаат башчыларынын аткарылган иштери боюнча отчетторун угууну уюштуруу.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына (Кокоева А.П.) жана Жыргалаң айыл өкмөтүнүн башчысы Т.А. Мукалаевге жүктөлсүн.

**Төрайым** **К.С. Букаева**

Жиберилди: иш кагаздарга-1, Т.А. Мукалаевге-1, Ш.К. Курмановго-1, Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясына-1, юстиция башкармалыгына-1.